**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д 07.23.671ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК 394.2:316.3(575.2) (043.3)**

**Жантелиева Нурзада Гарибовна**

# А. Н. БЕРНШТАМДЫН КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨГӨ КОШКОН САЛЫМЫ

**07.00.02- Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты**

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин чөлкөмтаануу жана кыргыз таануу кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчиси:** **Каратаев Олжобай Кубатбекович**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин чөлкөмтаануу жана кыргызтаануу кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Алымбаев Жээнбек Байыскулович**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн башчысы

**Зайниев Равшан Акимович**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин окуу бөлүмүнүн башчысы

**Жетектөөчү мекеме**: К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы. Дареги: 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов пр. 27

Диссертациялык иш 2024-жылдын 24-майында саат 15.00 дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/072-7sm-mcz-hia

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу пр. 394), жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынан (720010, Бишкек ш., Чуй пр., 265а) илимий китепканаларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын https://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 24-апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Көрүнүктүү чыгыш таануучу, тарыхчы, археолог А. Н. Бернштамдын Борбордук Азия элдеринин, анын ичинде Кыргызстандын тарыхы боюнча илимий мурастары көптөгөн окумуштуулардын кызыгуусун жаратып келет. Азыркы социалдык трансформация жана улуттук иденттүүлүктү издөө шартында анын илимий эмгектерин окуп үйрөнүү актуалдуу маселелерден болуп эсептелинет.

Совет доорунда кыргыз элинин тарыхын, археологиясын жана этнографиясын изилдөөгө өзгөчө көңүл бурулган. 1936-жылы Кыргыз ССРинин ЭККнин алдындагы илимдер комитетинин жана 1943-жылы СССРдин Илимдер академиясынын (КирФАН) Кыргыз филиалынын түзүлүшү республикада терең илимий изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшүнө негиз түзгөн. Ушул мезгилден баштап Кыргыз тарыхы боюнча бир катар изилдөөлөр жүргүзүлө баштаган. Кыргыз ССРде Илимдер Академиясынын түзүлүшү кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, археологиясын терең изилдөөгө мүмкүнчүлүктөрдү түздү.

А. Бернштам өз өмүрүн, илимий чыгармачылык дараметин Борбордук Азия элдеринин, анын ичинде Кыргызстандын байыркы, орто кылымдагы жана жаңы доордогу тарыхын, маданий жана этникалык процесстерди изилдөөгө арнаган. Ал бир эле мезгилде Кыргызстандын археологиясынын негиздөөчүсү катары да эсептелинет. А. Н. Бернштамдын аймактагы илимий ишмердүүлүгү 1933-жылы Чүй жана Талас өрөөндөрүндө археологиялык изилдөө иштерин жүргүзүүдөн башталган. Ал өз изилдөөлөрүндө кыргыздардын көчмөн цивилизацияны түзүүдөгү ролун баса белгилеген. А. Н. Бернштамдын тубаса жөндөмдүүлүгү, зээндүүлүгү, эмгекчилдиги, терең билими кыска убакыт аралыгында чыгыш таануу илиминин бир катар проблемалары боюнча фундаменталдуу изилдөөлөрдү жүргүзүп, эмгектерди жазып калтырууга мүмкүндүк берди. Окумуштуунун эмгектери илимий-теориялык жактан чоң мааниге ээ.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациянын изилдөө *максаты* профессор А. Н. Бернштамдын кыргыз элинин тарыхын, археологиясын жана маданиятын изилдөөгө кошкон салымын аныктоо болуп саналат.

Максатка ылайык төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

1. изилденип жаткан маселенин изилденүү деңгээлин аныктоо жана булактык базасына мүнөздөмө берүү;
2. А. Н. Бернштамдын чыгыш таануучу окумуштуу катары калыптануусунун өбөлгөлөрүн аныктоо;
3. А. Н. Бернштамдын республиканын аймактарында жүргүзгөн археологиялык иштерине баа берүү жана анын архитектуралык эстеликтерди изилдөөдөгү ролун аныктоо;

4. А. Н. Бернштамдын кыргыз элинин этногенези жөнүндөгү концепциясын талдоо;

5. А. Н. Бернштамдын Кыргызстандын байыркы, орто кылымдагы жана жаңы тарыхын изилдөөгө кошкон салымын аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. эмгекте белгилүү чыгыш таануучу А. Н. Бернштамдын илимий ишмердүүлүгү жана анын эмгектери алгачкы жолу терең жана комплекстүү изилденген.

2. А. Н. Бернштам боюнча мурда жарыяланбаган архивдик материалдар, анын туугандарынын, кесиптештеринин жана шакирттеринин эскерүүлөрү системалаштырылып, илимий айлампага киргизилип, талдоого алынган;

3. Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхынын негизги маселелери боюнча окумуштуунун илимий концепциялары жана көз караштары тарыхыйлуулук принцибинин алкагында талдоого алынып, объективдүү баа берилди.

**Изилдөөнүн илимий-практикалык мааниси**. Изилдөөнүн натыйжалары Кыргыз элинин тарыхы боюнча эмгектерди иштеп чыгууда жана жазууда, окуу жана окуу-методикалык колдонмолорду түзүүдө, жогорку окуу жайларында лекцияларды жана атайын курстарды окууда колдонулушу мүмкүн. Мындан тышкары, диссертациянын негизги жоболору А. Н. Бернштамдын илимий мурасы боюнча эмгектерди даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Көрүнүктүү чыгыш таануучу А. Н. Бернштам кыргыз археологиясынын негиздөөчүлөрүнүн бири. Анын демилгеси менен республиканын аймактарында 1930-жж. археологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн;

2. А. Н. Бернштам Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстандын байыркы, орто кылымдардагы жана жаңы доордогу тарыхын изилдөөгө жана аны өнүктүрүүгө зор салым кошкон окумуштуу. Анын жетекчилиги астында республикада алгачкы тарых илимин изилдөө мекемелери негизделген;

3. А. Н. Бернштамдын кыргыз элинин этногенези боюнча концепциясы 1954-1956-жж. комплекстүү археологиялык-этнографиялык экспедициялар учурундагы табылгалар, ынанымдуу фактылар менен бекемделген;

**Изденүүчүнүн жеке салымы.**

– Изденүүчү тарабынан А. Н. Бернштамдын бай илимий мурасы чогултулуп, системалаштырган.

– КР УИАнын архивинде, КР Борбордук мамлекеттик архивиндеги саясий документтер, материалдык маданият тарыхы институтунун илимий архивинде (НА ИИМК), Чыгыш кол жазмалар институтунда (ИВР РАН), Санкт-Петербург шаарындагы мамлекеттик архивде жана Севастополь шаарындагы "Херсон-Таврический" мамлекеттик тарыхый-археологиялык музей-коругунун илимий архивинен алынган, алгач жарыяланбаган материалдар илимий айлампага киргизилген.

– Изденүүчү А. Н. Бернштамдын алыскы тууганы Ольга Михайловна Фишман (1946-жылдан) жана окуучусу белгилүү археолог Яков Абрамович Шер (1931-2019-жж.) менен маектешүү учурунда алган материалдары аркылуу окумуштуунун инсандык сапаттарын, кесиптештери, окуучулары менен болгон мамилесин, археологиялык экспедициялар учурундагы уюштуруу жөндөмдүүлүгүн ачып берген.

– Изилдөөдө А. Н. Бернштамдын кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөгө кошкон салымына объективдүү баа берилген.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялланышы.** Диссертациялык иштин негизги мазмуну жана илимий жыйынтыктары республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда докладдар жана чыгып сүйлөөлөр формасында баяндалган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Изилдөөнүн натыйжасы жобонун талаптарына ылайык РИНЦ системасына кирген ата мекендик жана чет өлкөлүк журналдарда жарыяланган 10 илимий макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Иш киришүүдөн, төрт баптан, корутунду, колдонулган булактардын тизмеси жана адабияттардан турат. Жалпы көлөмү 177 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңычылдыгы, практикалык жана теориялык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн пробацияланышы, иштин түзүмү берилди.

Биринчи бап «**Каралып жаткан көйгөйдүн тарыхнаамасы»** деп аталат жана эки бөлүмдөн турат: **«Советтик тарыхнаама»** жана **«Постсоветтик тарыхнаама».**

Биринчи бөлүмдө А. Н. Бернштамдын илимий-изилдөө ишмердүүлүгү жөнүндө кыскача маалымат менен мүнөздөлгөн советтик окумуштуулардын эмгектери каралат. Анын өмүр жолу жана чыгармачылык жашоосу советтик тарых илиминин өнүгүшүнүн контекстинде каралды.

Белгилүү кыргыз тарыхчысы Б. Жамгерчинов өз изилдөөлөрүндө А. Н. Бернштамдын кыргыз элинин этногенези тууралуу илимий эмгектерин пайдаланган. Ал сак, усун, согд ж.б. Борбордук Азия чөлкөмүндөгү уруулардын тарыхын изилдөөдө А.Бернштамдын ролу чоң экендигин баса белгилеген. Б. Жамгерчинов көчмөндөр маданиятынын Борбордук жана Батыш Европа элдеринин маданиятына тийгизген таасири илимде жетиштүү деңгээлде изилденбегендигин белгилеген.

В. М. Петровецтин монографиясында А. Н. Бернштамдын илимий экспедициялары бүткүл Борбордук Азиянын байыркы жана орто кылымдагы тарыхын изилдөөдө зор мааниге ээ болгону айтылат. В. Петровец А. Бернштамдын Кыргызстандагы илимий-изилдөө борборлорунун системасын

өнүктүрүүгө кошкон салымын жогору баалаган, бирок Манасты Яглакар хан менен байланыштырып, тарыхый инсан деп ырастаган эмгектерин сынга алган.

Согуштан кийинки мезгилде, 1950-жылы Кыргызстан КП (б) БКнын тарыхты изилдөөдөгү кемчиликтер жөнүндөгү токтомунун чыгышына байланыштуу А. Н. Бернштам жана башка белгилүү окумуштуулар кыргыз элинин байыркы тарыхын идеалдаштырган деп айыпталган. Натыйжада республикада Бернштамдын чыгармаларын сындоо процесси башталган. Ошентип, Л. Р. Кызласов менен Н. Я. Мерперттин А. Н. Бернштамдын "Хунндардын тарыхынын очерки" китебине жазган рецензиясында бул хунндар жөнүндөгү советтик тарыхнаамада өзгөчө кызыгууну жараткан алгачкы эмгек экени белгиленет. Бирок алар окумуштуунун чыгармаларында Н. Я. Маррдын идеялык таасири бар деп айыпташкан. Биздин оюбузча, бул монография А. Н. Бернштамга илимий дүйнөдө атак-даңк алып келген, бирок ошол эле учурда анын айынан куугунтукка алынган, анткени партиялык идеологдор башкача пикирдеги илимпоздорду тааныган эмес.

С. В. Киселев тарабынан А. Н. Бернштамдын "VI-VIII кк. Орхон-Енисей түрктөрүнүн социалдык-экономикалык түзүлүшү. Чыгыш Түрк Каганаты жана кыргыздар" аттуу китебине рецензия жазылган. Ал А. Н. Бернштам Түрк каганатынын тарыхы боюнча маанилүү маселелерди изилдегенин жана гипотезаны куруу аркылуу далилдерди кабыл алуу, андан кийин аны фактыга айландыруу менен мүнөздөлгөнүн белгилеген. Рецензент окумуштуу Енисейдеги кыргыз элинин ханы Яглакар (Манас) экенин Сужи трактындагы стеллага таянып далилдей алганын айткан.

Ушундай татаал мезгилде А. Кибировдун Кыргызстандагы А. Н. Бернштамдын илимий ишмердигин сындаган "Кыргызстандагы археологиялык изилдөөсү" аттуу макаласы жарык көрдү.

1957-жылы А. Н. Бернштам каза болгондон кийин академик С. П. Толстовдун бибиблиографиялык макаласы жарык көргөн. Анда окумуштуунун 149 жарыяланган жана 7 жарыяланбаган эмгектеринен турган басма эмгектерининин тизмеси камтылган. Бул А. Н. Бернштамдын эмгектеринин биринчи тизмеси болгон.

А. Н. Бернштамдын 70 жылдык юбилейине карата анын шакирттери А. Г. Подольский жана Ю. Г.Заднепровский Чыгыш Түркстандын байыркы тарыхынын проблемаларына арналган А. Н. Бернштамдын иликтөөлөрү, анын ичинде уйгур элинин тарыхы тууралуу макала жарыялашкан.

Алардын ишин Кыргызстандын окумуштуулары улантышкан. Ошентип, О. Караев "Карахандар каганатынын тарыхы" китебинде А. Н. Бернштамдын жетишкендиктери жөнүндө жазган жана анын илимий корутундуларынын көбүн республиканын окумуштуулары колдойт деп ырастаган.

В. Галицкий менен В. Плоскихтин Ош шаарынын изилденишинин тарыхына арналган "Байыркы Ош" аттуу эмгегинде А. Н. Бернштамдын Кыргызстандын тарыхындагы жана археологиясындагы көптөгөн проблемаларга анын эмгектеринен пайдаланышкан.

В. П. Шерстобитовдун, К. К. Орозалиевдин, Д. Ф. Винниктин жамааттык эмгеги 1918-1960-жылдардагы республикадагы тарыхый жана археологиялык илимдин изилденишинин тарыхына арналган.

1984-ж. жарыкка чыккан "Кыргыз ССР тарыхынын (байыркы замандан бүгүнкү күнгө чейин)" биринчи томунда А. Н. Бернштамдын советтик илимдеги чоң ролу белгиленген. Анын илимий ишмердүүлүгү жалпысынан тарых илиминин өнүгүшүнүн контекстинде бааланган.

А. Бернштамдын чыгармаларына Ж. С. Бактыгуловдун "Революцияга чейинки Кыргызстандын тарыхнаамасы" аттуу монографиясында жалпы баа берилген. Анда автор окумуштуу сак жана усун тарыхын изилдөө менен кыргыз илимине кызмат кылганын, бирок кыргыз тарыхындагы хунндардын ролун ашыра баалагандыгын белгилеген.

А. Н. Бернштамдын археологиялык ишмердүүлүгүнө баа берген археологдордун эмгектери да пайда болгон. 1938-жылы ал улуу көчтүн дооруна таандык Кенкол көрүстөнүн ачкан. Бирок, анын чечмеленишин ошол мезгилдеги окумуштуулар бир нече жолу сынга алышкан. С.С.Сорокин аталган эстелик хунндарга таандык эмес, Түштүк Казакстандын, Орто Азиянын жана Чыгыш Түркстандын көчмөн урууларына таандык деп ырастаган. Ал эми П. Грязнов, Б. А. Литвинский, Ю. А. Заднепровский жана Ю. С. Худяков аны Кангюй бирикмесине кирген жергиликтүү көчмөндөргө таандык деп эсептешкен.

М. П. Грязнов А. Н. Бернштамдын "Кенкол көрүстөнү" аттуу монографиясын баалуу деп атап, бирок ката, так эместиктер басылманын сапатын бир топ төмөндөтөт деп белгилеген.

И. П. Кожемяко Жети-Суудагы экспедициянын казуулары кызыктуу материалдарды бергенин белгилеген. Бирок ал А. Н. Бернштамдын илимий ишмердүүлүгүнө сын баа берип, жогоруда аталган экспедицияда казуулардын бири да материк катмарына жетпегенин, б.а. казуу иштери аз жана тайыз болгонун белгилеген.

Азыркы археологияда окумуштуулар Кенкол көрүстөнү Кыргызстандын аймагындагы хунн доорунда пайда болгон эстелик деп эсептешет. Бирок анын этникалык келип чыгышы суроо бойдон калууда.

Бул мезгилде Кыргызстандын айрым аймактарына арналган эмгектер чыга баштаган. И. П. Кожемяконун жана Д. Ф. Винниктин редакциясы астында "Ысык-Көлдүн археологиялык эстеликтери" аттуу эмгеги жарык көргөн. Авторлор А. Н. Бернштамдын экспедициялары аймактын археологиялык жерлерин изилдөөгө мүмкүнчүлүк бергенин белгилешкен.

1989-жылы Бурана жана Красная речка шаар чалдыбарларында иштеген археологдордун макалалар жыйнагы жарык көрүп, анда Чүй өрөөнүндөгү эстеликтерди изилдөөгө А. Н. Бернштам жетектеген Жети-Суу экспедициясынын кызматкерлери зор салым кошкону белгиленген.

Ошентип, А. Н. Бернштамды Кыргызстандагы археологиялык илимдин негиздөөчүсү катары эсептесе болот.

**Экинчи бөлүмдө** постсоветтик мезгилде окумуштуулар А.Н. Бернштамдын эмгектерине терең баа бере баштаганы жөнүндө сөз болот.

1990-жылы М. Ч. Кожобеков кыргыз тилинде А. Н. Бернштам жөнүндө макала жарыялап, анда А.Н.Бернштамдын эмгектеринде айтылган кыргыз таануу проблемаларын көтөргөн жана кыргыз элинин этногенезин жана "Манас" эпосун изилдөөдө окумуштуунун кошкон зор салымын баса белгилеген.

Окумуштуу-археолог, академик В. М. Массон А. Н. Бернштам жөнүндө биографиялык очерк даярдап, аны Казакстан менен Кыргызстандын тарыхын жана маданиятын изилдөөчү катары мүнөздөгөн.

1995-жылы "Манас" эпосу боюнча А. Н. Бернштамдын көйгөйлөрүнө арналган жыйнак жарык көргөн. Н. Г. Горбунова, Ю. Заднепровский, Г. А. Брыкина, И. Кожомбердиев жана С. Г. Кляшторныйдын макалаларында көрүнүктүү археологдун эмгектерине объективдүү баа берилген.

Б. Я. Ставискийдин макаласында биринчи жолу А. Н. Бернштамдын 1938-1940-жж. Кыргызстандагы буддисттик эстеликтерди изилдөөдөгү ролу ачылып берилген.

1997-жылы ата мекендик археологдор К. И. Ташбаева жана Л. М. Ведутованын жетекчилиги астында А. Н. Бернштамдын тандалган чыгармалары, ошондой эле анын доктордук диссертациясы камтылган эки томдук китеп биринчи жолу кайрадан басылып чыккан. Эмгектин кириш сөзүндө окумуштуунун өмүр баяны жана анын илимий эмгектеринин мүнөздөмөлөрү чагылдырылган.

Кыргызстандын түштүгүндөгү археологиялык эстеликтерди изилдөөдө А. Н. Бернштамдын ишмердиги Б. К. Абытовдун макаласында берилген. Ал эми Кыргызстандагы археологиялык иликтөөлөрдүн мурдагы мезгилине В. В. Кольченконун макаласы арналган. Анда КР УИАнын архивдик документтеринин базасында “А. Н. Бернштамдын мезгили” биринчи жолу өзүнчө каралган. А. Н.Бернштамдын Кыргызстандын тарыхын жана археологиясын, анын ичинде Саймалы-Ташты изилдөөгө кошкон салымы, В. А. Воропаеванын макаласында чагылдырылган.

2010-жылы Санкт-Петербургда А. Н. Бернштамдын 100 жылдык мааракесине байланыштуу эл аралык илимий конференция болуп, анын жыйынтыгында окумуштуунун өмүрүнө жана ишмердигине арналган макалалар жыйнагы жарык көргөн. Алардын ичинен В. А. Алекшиндин А. Н. Бернштамдын илимий ишмердигин анын ИИМКдагы өздүк ишинин негизинде чагылдырган макаласы олуттуу кызыгууну туудурат.

А. Бернштамды жакындан тааныган Е. Е. Кузьминдин макаласында окумуштуунун өзгөчө илимий-чыгармачыл активдүүлүгү жана курч акылы баса белгиленген. Ал Чоң Чүй каналын куруу мезгилинде андрон маданиятына таандык эстеликтерди таап, изилдөөдө А. Бернштамдын ролу чоң экендигин белгилейт. Н. Ю. Смирнов биринчи жолу окумуштуунун жарыяланбаган кол жазмасын илимий айлампага киргизген, бул эмгектер А. Берншатмдын Кыргызстанда алып барга иштери боюнча маалымдама болуп саналат. К. Ш. Табалдиевдин монографиясында маалыматтар топтолуп, А. Н. Бернштам изилдөө жүргүзгөн жердин карта планы түзүлгөн.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде А. Н. Бернштамдын өмүрү жана ишмердиги боюнча жетиштүү илимий эмгектер бар деген тыянак чыгарууга болот. Бирок ошол эле учурда көрүнүктүү археологдун илимий мурасын комплекстүү изилдөө жетишсиз экендигин баса белгилөө зарыл.

"**Изилдөө булактары жана ыкмалары**" деп аталган **экинчи бап** эки бөлүмдөн турат:**"Изилдөө темасы боюнча булактары"** жана **"Проблеманы изилдөө материалдары жана ыкмалары".**

Биринчи бөлүм тарыхый, илимий объективдүүлүктүн жана системалуулуктун принциптерин түзгөн иштин методологиялык негизин карайт. Тарыхый принципти колдонуу А. Н. Бернштамдын өмүр баяны белгилүү бир тарыхый мезгилдин объективи аркылуу ар кандай окуялар менен себептик байланышта жана алардын өз ара шартталышында каралат. Илимий объективдүүлүк принцибинин маңызы анын калыс талдоосу менен булактардын бүткүл комплексин пайдаланууда турат. Системалуулук принциби А. Н. Бернштамдын ар кандай кызматтарда башкаруу ишмердигин, ал тарабынан кабыл алынган чечимдерди, ошондой эле башка конкреттүү-маанилүү себептер менен өз ара мамилелерин табууга кароого багытталган. Мындан тышкары, салыштырмалуу-тарыхый, тарыхый-биографиялык жана башка изилдөө ыкмалары колдонулган.

Муну менен бирге, биринчи бөлүмдө илимий изилдөөнүн **объектиси** жана **предмети** каралат.

**Изилдөөнүн объектиси**-профессор А. Н. Бернштам жана анын илимий ишмердүүлүгү.

**Изилдөөнүн предмети** болуп анын археологиялык казуулары, казуулардын жүрүшүндө табылган материалдар, Кыргызстандын байыркы, орто кылымдагы жана жаңы тарых боюнча жарыяланган жана жарыяланбаган эмгектери, анын концепциялары, гипотезалары, тыянактары жана жалпы эле илимий мурасы саналат.

**Экинчи баптын биринчи бөлүмүндө** изилдөөнүн булактык базасы каралган. Мазмуну жана формасы боюнча булактар төмөнкү топторго бөлүнөт: 1)жогорку партиялык жана мамлекеттик бийлик органдарынын жарыяланган материалдары; 2) Бишкектин, Санкт-Петербургдун жана Севастополдун Борбордук, жергиликтүү жана учурдагы архивдеринен материалдар; 3) А. Н. Бернштамдын жарыяланган жана жарыяланбаган кол жазмалары; 4)мезгилдүү басма сөздүн материалдары; 5)кыргыз элинин тарыхынын, археологиясынын, маданиятынын актуалдуу проблемаларына арналган, а.н. А. Бернштамдын жарыяланган эмгектери; 6) анын туугандарынын, кесиптештеринин жана окуучуларынын эскерүүлөрү.

**"Кыргызстандын археологиясы боюнча А. Н. Бернштамдын эмгектери"** деп аталган үчүнчү бап үч бөлүмдөн турат: "**Республиканын түндүгүндөгү А. Н. Бернштамдын археологиялык казуулары", "Кыргызстадын түштүгүндөгү А. Н. Бернштамдын археологиялык казуулары", "А. Н. Бернштамдын изилдөөлөрүндөгү Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери"**

1930-жж. башында Борбордук Азиянын археологиясы өнүгүүнүн эң алгачкы стадиясында болгону биринчи бөлүмдө белгиленет. Жети-Сууну археологиялык изилдөө 1933-жылдан башталган (тыныгуулар менен) 1945-жылга чейин уланган. Анда Кыргызстандын кең аймагын, Тянь-Шанды, Алай Памирин жана Фергана түздүгүн изилденген. Бул экспедициянын жыйынтыктары окумуштуунун бир катар эмгектеринде жарыяланган.

А. Н. Бернштамдын Кыргызстандын аймагында алгачкы археологиялык экспедициясы 1933-жылы башталган. Иш сапар Мамлекеттик материалдык маданият тарыхы академиясынын (ГАИМКа) жана мамлекеттик Эрмитаждын тапшырмасы боюнча уюштурулган. 1933-жылы А. Н. Бернштам менен А. С. Морозова Чүй жана Талас өрөөндөрүндө археологиялык изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Баштапкы каттам Фрунзе шаарынан Токмок шаарына чейин созулган. Бурана жана Сынташ шаар чалдыбарлары изилденген. Алар Бурана жана Ысык-Ата дарыяларынын жогору жагындагы Сынташ шаар чалдыбары жайгашкан жерди табышкан. Кийинки экспедициялар 1936-жылы улантылган. Жети-Суудагы экспедиция 1938-жылы ишке ашкан. 1941-жылы Кыргызстанда Чүй өрөөнүн жана Түштүк Казакстандын бир бөлүгүн сугат суу менен камсыз кылуучу Чоң Чүй каналын курулуу иштери башталган. Чоң Чүй каналына чалгындоо экспедициясы Кыргыз ССРинин ЭКК токтому менен уюштурулган.

Экспедициянын курамына ЛМУнун тарых факультетинин археологиялык бөлүмүнүн, Кыргыз ССРинин Ички иштер эл комиссариатынын мамлекеттик архивдер бөлүмүнүн жана илимдер комитетинин ведомстволук мекемелеринин (тарых, тил жана адабият институту, китеп палатасы, илимдер комитетинин тарых бөлүмү) кызматкерлери кирген.

Иштин археологиялык методдору - эстеликтерди алгачкы каттоо, сүрөттөө, эскиздөө жана сүрөткө тартуу ж.б.

Чоң Чүй каналын куруу учурунда табылган артефакттарды археологдор коло доорунун андрондук маданиятына таандык (б.з.ч. бир миң жыл мурун) экендигин аныкташып, илимде "Түндүк-Кыргыз коло доору" деген түшүнүктү киргизишкен. Табылган эстеликтер Чүй өрөөнүнүн колониялаштыруу мезгилиндеги сактардын, усун жана согдиялыктардын тарыхын жана маданиятын изилдөөнү кеңейтүүгө мүмкүндүк берди.

Жалпысынан алганда, Чоң Чүй каналынын трассасын казуу учурунда табылган материалдар байыркы доордон баштап биздин доорго чейинки мезгилди камтыган. Учурда изилденип жаткан бай коллекциялар Чүй өрөөнүнүн 4000 жылдан кем эмес убакыт аралыгындагы маданий тарыхы жөнүндө толук түшүнүк берет.

Табылган археологиялык экспонаттардын негизинде Фрунзе шаарындагы Мамлекеттик музейдин тарыхый-археологиялык бөлүмү ачылган. А. Н. Бернштам белгилегендей: "бул музей Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы боюнча союздук маанидеги музей болуп калды".

3000ден ашуун курамдагы маданий эстеликтерден (моноталарсыз) жыйналган коллекциялар өлкөнүн борборундагы Кыргыз мамлекеттик

музейинин тарыхый-археологиялык бөлүмүнүн фонддорунун негизги бөлүгүн түздү.

1941-жылдагы экспедициянын жыйынтыгында Красная речка айылында илимий станция уюштурулуп, ага Фрунзе жана Ысык-Көл областтарынын эстеликтерин коргоо милдети жүктөлгөн.

Ошондой эле 1941-жылы А. Н. Бернштам тарабынан Чүй каналындагы археологиялык казуулардын картасы түзүлүп, трассаны жана дөбөлөрдү, несториан көрүстөндөрүн жана Бурана мунарасын бөлүп көрсөткөн. Ал азыркы калктуу конуштардын географиялык аталыштарын жана байыркы шаарлардын жана калктуу конуштардын аттарын изилдеген.

Бул мезгилден кийин А. Н. Бернштам өзүнүн археологиялык изилдөөлөрүндө жаңы ачылган тарыхый эстеликтерди, баалуу материалдарды пайдаланып, тарыхый-археологиялык материалдарды классификациялап, системалаштырган. А. Н. Бернштам коңшу өлкөлөр менен кеңири маданий тарыхый байланыштарды эске алуу менен археологиялык эстеликтерди жана табылгалар комплекстерин карап чыккан. Табылган археологиялык материалдар булак базасын байытып, кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхынын "булак таануу жетишсиздигинин" ордун толтурган.

**Экинчи бөлүмдө** А. Н. Бернштамдын Кыргызстандын түштүгүндө 1941-1956-жылдары жүргүзгөн археологиялык казуулары каралды. А. Н. Бернштам Тянь-Шань, Памир-Ферганадагы археологиялык-этнографиялык экспедициялардын жетекчиси болгон. Жыйырма жылдын аралыгында Казакстандын, Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын түштүк жана түштүк-чыгышындагы археологиялык эстеликтерди изилдеген. Археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында Фергана түздүгүндө түштүк регионунун жогорку жана төмөнкү дарыяларынын мурда белгисиз шаарлары жана калктуу конуштары табылган. Кыргызстандын түштүгүндө казуу иштери жүргүзүлүп, бул аймакта жашаган түрк тилдүү элдер, теги, алгачкы тарыхы жана маданий өнүгүүсү, түрк жазуусу, эпиграфиясы, нумизматикасы изилденген. Окумуштуу Кыргыз археологиялык эстеликтерин этап-этабы менен карап чыккан.

Түштүк регионду изилдөөнүн натыйжасы: археологиялык эстеликтерге мүнөздөмө берилип, алдын-ала мезгилдештирилген, баарынан мурда байыркы отурукташкан калктуу конуштар аныкталган. Түштүк аймактын экспедициясы таш доорунан тартып архитектуралык курулуштарга чейин кеңири хронологиялык диапозондун археология жана маданият жерлерин рекогносциондук изилдөө жүргүзгөн.

**Үчүнчү бөлүмдө** А. Н. Бернштамдын изилдөөлөрүндөгү Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери каралган. А. Н. Бернштам бир эле мезгилде тарыхый эстеликтерди изилдөөгө аракеттенген, б.а. өндүрүштүк мамилелердин өзгөрүүсүн жана алардан улам кыргыздар байырлаган жерлердин тарыхый-маданий өнүгүшүн аныктоого бел байлаган. Кыргызстандагы XVI-XIX кк. таандык күмбөздөрдүн барында Борбордук Азия архитектурасына мүнөздүү болгон айрым декорациялар кайталанат (бул жерде Фергана, Ташкент жана Кыргызстан шаарларынын чеберлеринин эмгектери өтө кеңири жайылган).

Кыргызстандын бардык архитектуралык эстеликтери жалпы Түркстандын маданий мурастары менен тыгыз байланышта болгондугун көрсөткөн.

**«А. Н. Бернштамдын Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы боюнча эмгектери»** деп аталган төртүнчү бап **«А. Н. Бернштамдын изилдөөлөрүндөгү Сак-усун жана Хун проблемасы»** жана **«А. Н. Бернштамдын изилдөөлөрүндөгү кыргыз элинин этногенези проблемасы»** аттуу эки бөлүмдөн турат.

А. Н. Бернштам Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхын изилдөөгө өзгөчө басым жасаган. Ал сак жана усун уруулары жөнүндө, алардын азыркы Борбордук Азия элдеринин тарыхындагы ролун аныктоого аракеттенген.

Белгилей кетсек, белгилүү археологдор М. П. Грязнов жана М. В. Воеводский сак жана усун дөбөлөрүн изилдешкен. А. Н. Бернштам жогоруда аталган окумуштуулардын эмгектерин жогору баалаган жана өз изилдөөлөрүндө алардын материалдарын пайдаланган. Бир эле мезгилде белгилүү тарыхчы Г. В. Григорьевдин сак эли жөнүндөгү эмгегине да таянган.

А. Н. Бернштам 1938-жылы Жети-Суу экспедициясынын жүрүшүндө сак-усун маданиятынын эстеликтерин ачкан. Натыйжада кыргыз археологиялык илиминин тарыхында биринчи жолу сак жана усун элине таандык табылгалар аныкталган. Ошол убакка чейин алар жазуу булактары аркылуу гана белгилүү болгон. Экспедициянын жыйынтыгында “Сак-усун маданияты” ачылган. Системалык археологиялык казуулар жана туш келди табылгалар А. Н. Бернштамга артефакттардын сак жана усун чөйрөсүн бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берген. Бирок, археолог К. Ташбаеванын пикиринде, А. Н. Бернштам экөөнүн ортосунда көп окшоштуктар бар деп эсептеген. Ал аларды сак жана усун топторуна бөлгөн, бирок аларды бирдиктүү маданий тарыхый процесстин эки баскычы катары көргөн. Айрыкча, бул үзгүлтүксүздүк курал-жарак жана зергер буюмдарында байкалат. К. Ташбаева А. Н. Бернштам чыгарган тыянактар туура деп эсептейт. Заманбап археологдордун кийинки изилдөөлөрү А. Н. Бернштамдын жогорудагы пикирин тастыктайт.

Хунн маселеси, Александр Натанович үчүн хунндарды изилдөө тарыхы сүйүктүү көйгөйлөрдүн бири болгон жана ар дайым анын көптөгөн иликтөөлөрүнүн өзөгүн түзгөн. Сыягы, окумуштуунун түрк дүйнөсүн изилдөөгө болгон кызыгуусу хунндардын тарыхын изилдөөгө алып келген. Ал Тянь-Шандын тарыхын иликтөөдө ал б.з. биринчи кылымынын башында усун уруулук союзунун ыдырап, анын саясий ролу кескин төмөндөп кеткендигин белгилеген. Анын пикиринде мындай кырдаалдын түзүлүшүнө түндүк хунндардын батышка карай жылышы себеп болгон. Натыйжада, түндүк хунндар усун жана кангю урууларынын ортосунда буфердик аймакты түзүшкөн. А. Н. Бернштам кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхына арналган доктордук диссертациясында түргештер, карлуктар жана Караханиддер сыяктуу мамлекеттик түзүлүштөрдү талдоого алган.

**Экинчи бөлүмдө** кыргыздардын этникалык тарыхынын маселелери чагылдырылган.

А. Н. Бернштамдын кыргыздардын этногенези боюнча негизги концепциясы "динлин теориясы" болуп саналат. Анын пикиринде, кыргыз элинин калыптанышынын башаты Борбордук Азия хунндары менен сяньбилердин Түндүк уруулар союзу – динлиндер менен аралашып кетүү процесси жүрүп жаткан Афанасьев маданиятынын мезгилине таандык, ал кыргыз этносунун калыптанышына негиз болгон. А. Н. Бернштам Жети-Сууда рун жазуусунун жана материалдык маданиятынын эстеликтеринин болушун хунн урууларынын курамында тяншань облустарына көчүп келген енисей кыргыздарынын маданияты менен байланыштырган. Хунндардын келишин ал Кенкол көрүстөнүндөгү археологиялык табылгалар менен тастыктаган.

А. Н. Бернштам кыргыз элинин этногенезинин өзгөчөлүгү анын калыптанышы Енисейде жана Тянь-Шанда бир убакта болгондугунда деп эсептеген. Тянь-Шанда кыргыздардын пайда болушунун алгачкы баскычтарына көңүл буруп, ал монголдордун баскынчылык мезгилинде да кыргыз урууларынын саны алардын эл болуп калыптанышына жетишсиз болгонун белгилеген. Дагы бир фактор кыргыздар карлуктарга, караханийлерге жана монголдордон саясий жактан көз карандылык абалда болушкан.

А. Н. Бернштам сак-усун маданиятын изилдөөгө чоң салым кошкон, анын эстеликтери 1938-жылы Жети-Суу экспедициясы тарабынан ачылган. Алгач артефакттар табылып, аларды сак жана усун топторуна бөлгөн, бирок аларды бирдиктүү маданий тарыхый процесстин эки баскычы катары караган. А. Н. Бернштамдын изилдөөлөрүнүн натыйжасында "Сак-усун маданияты" деген түшүнүк пайда болгон. Ал Тянь-шань урууларынын Түштүк Сибирь этномаданий чөйрөсү менен өз ара аракеттенүүсүнүн аркасында болгон. Биздин замандын баш ченинде Борбордук Азиялык этникалык компонент пайда болот. Хунндар Тянь-Шандын катакомбалык маданиятынын өкүлдөрү болушкан. А. Бернштам сак-усун эволюциясынын үч этабын белгилеген. Бул маданияттын Түштүк Сибирь менен тыгыз байланышы усундардын Түштүк Сибирь жана Жети-Суунун чек арасында жайгашкандыгы менен түшүндүрүлөт. Ал усундар Жети Суунун маданиятын жаңы эч нерсе алып келген жок деп ырастаган. Анын пикиринде катакомбалык көмүү салты хунндарга сырттан, башка эдердин, маданий бирикмелердин таасиринен келген.

А. Н. Бернштам кыргыздардын этникалык тарыхын изилдөөдө араб-перс авторлорунун эмгектерин жана кыргыздардын Орто кылымдагы тарыхын чагылдыруу үчүн археологиялык казуулардын материалдарын кеңири колдонгон. Бул түрк урууларынын отурукташуу проблемаларын чагылдырууга, шаарлардын, калктуу конуштардын тарыхый топографиясына анализ жүргүзүүгө негиз түзгөн. IX к. тартып кыргыздар тууралуу маалыматтар Ибн-Аль-Факихтин, Аль-Истахрининин эмгектеринде кездешет. Аларга таянып, окумуштуу кыргыздар X к. баштап Тянь-Шандын аймагында болгон деп ырастаган. Атын атагысы келбеген автордун "Худуд-ал-Алам" тексти менен Гардизинин маалыматтарын салыштырып, ал кыргыздар бул мезгилде Энесайдан башка Жети-Сууда да жашаган деп божомолдогон.

Аль-Истахринин кыргыздардын Тянь-Шанга келиши жөнүндө жазган эмгектери А. Н. Бернштамдын кыргыздардын азыркы Кыргызстандын аймагына этап, этабы менен миграциясы жөнүндөгү концепциясын бекемдөө үчүн булак болуп калды. Энесайда таптык коом пайда болгон доордо кыргыз урууларында мамлекеттик түзүлүш калыптанып, руникалык жазуу негизделген. А. Н. Бернштам Энесай кыргыздары жөнүндө кытайлык Таншу хроникасы VII-VIII кк. жана Күлтегиндин урматына коюлган таш рун жазуусуна таянып жазат. Энесай кыргыздарынын аскердик жортуулдары алардын курамына Алтай урууларынын кошулушуна жана Кытай менен Борбордук Азиядан маданияттын айрым өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүгө салым кошкон. А. Бернштам Тянь-Шандагы кыргыздар аз санда болгондуктан өз мамлекетин түзө алган эмес деп эсептеген. Орто Азия жана Чыгыш Түркстан элдери менен маданий байланышта болгон Тянь-Шань кыргыздарынын ээликтери монголдорго чейинки мезгилде ири өнүгүүгө ээ болгон.

## КОРУТУНДУ

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй **тыянактар** чыгарылды:

1. Белгилей кетсек, археологиялык казуулардын натыйжасында тарых илиминин өнүгүшү жана мурда белгисиз болгон жаңы жазма булактардын илимий жүгүртүүгө кириши менен окумуштуулар А. Н. Бернштамдын эмгектеринде анын илимий жетишкендиктерин да, кемчиликтерин да белгилешкен. Совет мезгилинде Александр Натановичтин эмгектерине баа берилген. Постсоветтик мезгилде тарыхчы, археолог окумуштуулар А. Н. Бернштамдын илимий мурасын иликтөөнү жана баалоону улантышууда.

Бар болгон адабияттарды изилдөө жана талдоо диссертациянын авторун бүтүндөй проблеманы иштеп чыгуу дагы эле аягына чыга элек деген тыянакка алып келди. Учурда бизде А. Н. Бернштамдын Кыргызстандын тарыхына жана археологиясына арналган эмгектерин терең комплекстүү талдоо менен атайын диссертациялык изилдөөлөр жок.

Александр Натановичтин илимий, жана илимий-популярдуу эмгектери дагы эле кийинки изилдөөлөр үчүн теориялык, методологиялык жана булак таануу негизи бойдон калууда жана азыр Кыргызстандын байыркы, орто кылымдардагы жана жаңы тарыхынын ар кандай маселелерин аларсыз чечүү мумкун эмес.

2. Чогултулган көптөгөн архив булактары диссертациялык иштин изилдөө максаттарын ишке ашырууга жана текшерилген, ишенимдүү тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берди.

3. Бул мезгилден кийин окумуштуунун эмгектериндеги принципиалдуу жаңы нерсе, биринчиден, Кыргызстандын аймагында жаңы баалуу тарыхый эстеликтердин ачылышына алып келген ошол мезгилдеги кеңири чалгындоо жана ири стационардык археологиялык изилдөөлөр болду.

– Кыргызстандын түштүгүндөгү археологиялык экспедициялардын жыйынтыгы: археологиялык эстеликтердин, биринчи кезекте отурукташкан

конуштардын сүрөттөлүшү жана алдын ала мезгилдештирүүгө алып келди. Түштүк аймактын экспедициясы кеңири хронологиялык диапазондогу – таш доорунан 19-кылымдын архитектуралык курулуштарына чейинки археологиялык жана маданий эстеликтерге чалгындоо иштерин жүргүзгөн.

– А. Н. Бернштамдын Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы боюнча изилдөөлөрү өзүнүн объективдүүлүгү, далилдери жана көйгөйлөргө комплекстүү мамилеси менен айырмаланат.

– Орто Азиянын, Тянь-Шандын, Алайдын жана Памирдин бийик тоолуу аймактарынын сак маданиятынын пайда болушу ошол кездеги ачылышка алып келген. Мурда сактар жазма булактардан: байыркы, персиялык жана кытайлык булактардан гана белгилүү болгон, бул илгертен бери илимпоздордун изилдөө жана талаш-тартыш предмети болуп келген.

– Ал усун маданиятынын эстеликтерин, жалпы эле усун маселесин изилдөөгө чоң салым кошкон. Казылган археологиялык эстеликтердин негизинде А. Н. Бернштам жергиликтүү сактардын жана усун урууларынын маданиятынын уландысы жөнүндө маанилүү тезисти ортого салып, сак-усундардын ажырагыс биримдиги жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берген. Бул пикирди көптөгөн илимпоздор кабыл алышкан, бирок ал дагы эле талаштуу маселелердин бири болуп саналат.

– 1938-1939-жылдары ачылган Таластагы Кеңкол көрүстөнүндөгү бай экспонаттар менен катакомба мүрзөлөрү Борбордук Азиянын байыркы тарыхында хуннулардын ролу жөнүндө суроого алып келди. Бул башка аймактарда да ушундай эстеликтерди аныктоого жана биздин доордун кезеги жана биринчи кылымдарындагы көмүлгөн жерлерди изилдөө үчүн Борбордук Азия археологиясында атайын бөлүмдүн байыркы мезгилде бөлүнүшүнө алып келди. Ал бул эстеликтер хунндарга таандык деген божомолду ортого салган, буга көпчүлүк макул эмес. Бирок А. Н. Бернштамдын пикирин колдогондор бар экенин белгилей кетүү керек. Бирок бул маселе боюнча азырынча бирдиктүү пикир жок, ал эми усундар менен хунндардын жана башкалардын айрым эстеликтерин салыштыруу маселеси эң татаал бойдон калууда.

– А. Н. Бернштам түрк элдеринин (түргөштөрдүн, карлуктардын, карахандардын) археологиясын изилдеп, Борбордук Азиянын тарыхында аз изилденген түрк доорун изилдөөгө чоң салым кошуп, бул доордун маданиятынын бир нече локалдык варианттарын жана аларды конкреттуу улуттар менен байланыштырган.

– А. Н. Бернштамдын орто кылымдагы Жети-Суу жана Фергана шаарларын изилдөөдө жана аларды ар кандай жазма булактардан алынган маалыматтар менен байытуудагы эбегейсиз эмгеги чон. Ал тарыхый топографиянын жана шаар куруунун, архитектуранын өзгөчөлүктөрүн ачып, Түндүк Кыргызстандын орто кылымдардагы шаарларынын маданиятынын оригиналдуулугун, көчмөн жана отурукташкан калктын маданияттарынын синергетикасынан улам өзгөчөлүгүн баса белгилеген Орто Азиянын башка айыл чарба борборлору менен салыштырган.

4. Анын кыргыздардын, бир эле мезгилде Енисейде, Чыгыш Түркстанда жана биздин өлкөнүн азыркы аймагында жашаган кыргыздардын келип чыгышы жөнүндөгү илимий концепциясы илимий чөйрөдө чоң резонанс жараткан, анткени бул маселе тарых илиминде талаш-тартыштуу болгон. Ал кытай булактарын, Орхон-Енисей жазууларын изилдөө жана археологиялык казуу материалдарынын негизинде кыргыздардын Борбордук Тянь-Шанга көчүү процесстерин изилдеген.

Александр Натановичтин эмгектеринин дагы бир баалуулугу – аларда улуттук тарых Борбордук Азиянын тарыхынын контекстинде изилденип, археологиялык материалдардын негизинде тарыхый тамырлардын биримдигин, элдердин маданиятынын окшоштугун далилдөөгө умтулган. Анын чыгармачылыгы оригиналдуулугу жана кайталангыстыгы менен айырмаланып, илимий көз караштары түз жана туруктуу болгон.

5. Биринчи муундун археологу катары А. Н. Бернштамды белгилей кетсек болот. А. Н. Бернштамдын чыгармачылыгы алыс болгонуна карабастан, ал бизге жарым кылымдан ашык кызмат кылып келет, ал жаңы илимий көз караштар үчүн баштапкы чекит катары кызмат кылат жана анын эмгектери бардык заманбап изилдөөлөр үчүн фактылык материалдар болуп саналат.

Жалпысынан А. Н. Бернштамдын чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү анын археологиялык изилдөөлөрү тарыхый жана чыгыш изилдөөлөрү менен ажырагыс байланышта болгон. Бардык археологиялык объектилер жана табылгалар ал тарабынан тарыхый өңүттөн каралып, аларды изилдөө үчүн түрдүү жазма булактардын маалыматтары пайдаланылган.

Александр Натановичтин эмгектери бүгүнкү күндө кыргыз тарыхын сүйүүчүлөргө жана келечектеги адис тарыхчылар үчүн маалымдама китеби болуп калат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарына А. Н. Бернштамдын кыргыз элине кызматын эске алып, Бишкек шаарынын көчөлөрүнүн бирине А. Н. Бернштамдын ысымын берүүнү сунуштайбыз

2. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ректоратына, университетке караштуу тарых музейге Бернштамдын ысымын беруунү сунуштайбыз

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых, археология жана этнография институтуна, Ж. Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигине, 2030-жылы А. Н Бернштамдын 120 жылдыгына байланыштуу, В. В. Бартольдун жети томдугу сыяктуу окумуштуунун бүткүл илимий мурасын чыгарууну сунуштайбыз.

4. КУУнун Тарых жана чөлкөм таануу институтунун жетекчилигине мезгил-мезгили менен археология боюнча атайын сынактарды өткөрүп турууну, ошондой эле тарыхчы студенттер (археология адистиги боюнча окуган студенттер) үчүн А. Н. Бернштам атындагы стипендияны белгилөөнү

сунуштайбыз.

5. КР УИА жана Ж.Баласагын атындагы КУУгы археологиялык казуу иштеринде чоң ийгиликтерге жетишкен археологдор арасында А. Н. Бернштам сыйлыгын түзүү маселеси каралсын.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**


1. Жантелиева, Н. Г. Вопросы этнической истории кыргызского народа в трудах А.Н.Бернштама [Текст] / Н. Г. Жантелиева // Экология Южной Сибири и сопредельных территорий: сборн. трудов конференции. – Абакан, 2015. – С. 181-186. https://elibrary.ru/item.asp?id=25425835
2. Жантелиева, Н. Г. О научных взглядах А. Н. Бернштама на историю гуннов [Текст] / Н. Г. Жантелиева // Экология Южной Сибири и сопредельных территорий: сборн. трудов конференции. – Абакан, 2016. – С. 161-162. https://elibrary.ru/item.asp?id=27547967
3. Жантелиева, Н. Г. Караханидская эпоха в трудах А. Н. Берништама [Текст] / Н. Г. Жантелиева // Этнокультурные и этносоциальные процессы в трансграничном пространстве России и Центральной Азии: матер. междун. науч. конференции. – Барнаул, 2016. – С. 241-245. https://elibrary.ru/item.asp?id=28866551
4. Жантелиева, Н. Г. «Кутадгу билик» исследованиях в А.Н.Бернштама [Текст] / Н. Г. Жантелиева // Востоковедные исследования на Алтае. – 2016. – № 11. – С. 84-86. https://elibrary.ru/item.asp?id=32867313
5. Жантелиева, Н. Г. Александр Натанович Бернштам и развитие советского востоковедения: историографические сюжеты [Текст] / Н. Г. Жантелиева // История востоковедения: традиции и современность: материалы III всероссийской школы-конференции Институт востоковедения РАН. – М., 2018. – 104-114. https://elibrary.ru/item.asp?id=44406949
6. Жантелиева, Н. Г. Жизненный путь, научная и организационная деятельность А. Н. Берништама [Текст] / Н. Г. Жантелиева // Таврические студии. – 2020. - № 22. – С. 47-51. https://elibrary.ru/item.asp?id=44614572
7. Жантелиева, Н. Г. Научная деятельность А. Н. Бернштама в Кыргызстане в советской историографии [Текст] / Н. Г. Жантелиева, Г. Ж. Чодолдоева // Международный журнал эксперементального образования. – 2021. – № 2. – С. 5-9. https://elibrary.ru/item.asp?id=45721970
8. Жантелиева, Н. Г. Научная деятельность А. Н. Бернштама в Кыргызстане в постсоветской историографии [Текст] / Н. Г. Жантелиева, Г. Ж. Чодолдоева // Международный журнал эксперементального образования. – 2021. – № 3. – С. 81-85. https://elibrary.ru/item.asp?id=46244490
9. Жантелиева, Н. Г. Манас в исследованиях А. Н. Бернштама [Текст] / Н. Г. Жантелиева // Международный журнал эксперементального образования. – 2021. – № 3. – С. 5-9. https://elibrary.ru/item.asp?id=49331567
10. Жантелиева Н. Г. Эпос и этос кыргызской культуры (литература, этнография и археология в трудах А. Н. Берништама) [Текст] / Н. Г. Жантелиева

// Вестник русской христианской гуманитарной академии. Филологические науки. – 2022. – Т. 3, № 2. – С. 50-60. https://elibrary.ru/item.asp?id=59930277

**Жантелиева Нурзада Гарибовнанын «А. Н. Бернштамдын Кыргызстандын тарыхын изилдөөгө кошкон салымы» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** А. Н. Бернштам, байыркы жана орто кылымдар тарыхы, археология, Кыргызстан, илимий эмгектер, археологиялык экспедициялар, изилдөө иштери, кыргыздардын келип чыгышы.

**Изилдөөнүн максаты**: профессор А. Н. Бернштамдын кыргыз элинин тарыхын, археологиясын жана маданиятын изилдөөгө кошкон салымын изилдөө.

**Изилдөө объектиси:** көрүнүктүү тарыхчы, археолог А. Н. Бернштамдын илимий ишмердүүлүгү.

**Изилдөө предмети:** А. Н. Бернштамдын илимий мурасы жана анын кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөгө кошкон салымы.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** жалпы жана атайын тарыхый илимий методдордун комплекси түзөт. Изилдөө процессинде автор объективдүүлүк методуна жана тарыхыйлуулук принцибине таянган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** А. Н. Бернштамдын көп кырдуу илимий ишмердүүлүгү алгачкылардан болуп иликтөөгө алынды.

Мурда жарыяланбаган архивдик материалдар, А. Н. Бернштамдын туугандарынан, кесиптештеринен, окуучуларынан, жеке пикир кат аркылуу чогултулган маалыматтар илимий айлампага киргизилди.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн негизинде окуу куралдарын, лекциялык курстарды уюштуруу, практикалык сабактарга материалдарды даярдоо жана аларды окуу куралы катары басып чыгаруу.

**Колдонуу чөйрөсү**: А. Н. Бернштамдын илимий мурасынын толук жыйнагын басмадан басып чыгаруу, мезгил-мезгили менен А. Н. Бернштамдык окууларды уюштуруп туруу.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Жантелиевой Нурзады Гарибовны на тему: «Вклад А. Н. Бернштама в историю изучения Кыргызстана» на соискание ученой**

**степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история**

**Ключевые слова:** А. Н. Бернштам, древняя и средневековая история, археология, Кыргызстан, научные труды, археологические экспедиции, научно-исследовательская деятельность, происхождение кыргызов.

**Цель исследования:** исследовать вклад профессора А. Н. Бернштама в изучение истории, археологии и культуры кыргызского народа.

**Объект исследования:** личность выдающегося ученого-востоковеда А.Н.Бернштама, и его научная деятельность.

**Предмет исследования:** научное наследие А. Н. Бернштама и его вклад в изучение истории кыргызов и Кыргызстана.

**Методологической основой исследования** является комплекс специальных и общих научных методов. В процессе исследования автор также опирался на метод объективизма и принцип историзма.

**Научная новизна исследования:** впервые на научной основе комплексно и всесторонне исследованы многогранная научно-исследовательская деятельность А. Н. Бернштама.

Впервые введены в научный оборот ранее не опубликованные архивные материалы, на научной основе проанализированы воспоминания его родственников, коллег и учеников.

**Рекомендации по использованию**: на основе проведенного научного исследования разработать учебно-методические пособия, лекционные курсы, подготовить материалы для практических занятий и опубликовать их в качестве учебных пособий.

**Область применения:** опубликовать в виде специального сборника архивные документы, материалы периодической печати и другие исторические источники, связанные с жизнью и научно-исследовательской деятельностью А. Н. Бернштама


## SUMMARY

**dissertation of Zhantelieva Nurzada Garibovna "A. N. Bernshtam's contribution to the history of the study of Kyrgyzstan", submitted for the degree of candidate of historical sciences in specialty 07.00.02. - National history.**

**Key words**: A.N. Bernshtam, ancient and medieval history, archeology, Kyrgyzstan, scientific works, archaeological expeditions, research activities, origin of the Kyrgyz.

**Object of study:** the personality of the outstanding orientalist A.N. Bernshtam, his life path and scientific activities.

**Subject of research:** the scientific heritage of A.N. Bernshtam and his contribution to the study of the history of the Kyrgyz and Kyrgyzstan.

**Purpose of the study**: to explore the contribution of Professor A.N. Bernshtam to the study of history, archeology and culture of the Kyrgyz people.

**The methodological basis** of the research is a complex of special and general scientific methods. In the process of research, the author also relied on the method of objectivism and the principle of historicism.

**The results obtained and their novelty**: for the first time, the life and multifaceted research activities of A.N. Bernshtam were comprehensively and comprehensively studied on a scientific basis.

For the first time, previously unpublished archival materials were introduced into scientific circulation, and the memories of his relatives, colleagues and students were analyzed on a scientific basis.

**Recommendations for use**: based on the conducted scientific research, develop teaching aids, lecture courses, prepare materials for practical classes and publish them as teaching aids.

**Scope of application:** to publish in the form of a special collection archival documents, periodical materials and other historical sources related to the life and research activities of A.N. Bernshtam.

